## Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин жылдык отчёту.

2018-2019 окуу жылында тарификациядан 39 мугалим өттү. 33 мугалим жогорку билимдүү. 6 мугалим атайын орто билимдүү. Мектеп боюнча 28 класс комплект,бир класс даярдоо классы ачылды.Сабактардын расписаниеси сапаттуу түзүлдү.Окуу жылынын башында окуучулардын саны 785,жылдын аягында окуучунун саны 753 анын ичинен 352 кыз, 401 эркек баланы түздү. Жылдык планда мектепти өнүктүрүү планы боюнча каралган маселелердин бардыгы аткарылды.

1-сентябрь - «Билим күнү». Баардык окуучулар майрамдык маанай менен мектепти көздөй бет алышты. Салтанаттуу линейка саат 09.00.башталды. Ага 28 класс комплект катышты. Майрамдык куттуктоо сөзүн мектеп директору: Б.М.Бекназарова ачып берди.

Каалоо-тилектери менен линейканы өткөрүлдү. Класска кирген соң "Менин кичи Мекеним"-деген темада башталгыч класстар "Биз тоо арасында жана өрөөндүү тоолордо жашайбыз"- деген темада ортонку звенодогу класстар "Мекенимдин тагдыры" темасында 9-10-11-класстар ачык сабактарды өткөрүштү.

Жаңы окуу жылында бардык мугалимдер окуу пландары менен таанышып, усулдук бирикмелерде талкуулап, пландарын бекитишти. Окуу кеңешмелерде кружоктун пландары УБдин иш багыттары ачык сабактар такталды жана бекитилди. Жаш мугалимдер тобу түзүлдү. Насаатчылык иштеринин пландары түзүлдү жана бекитилди. Предметтик жумалыктар каралды жана өтүү убактары такталды. Окуучу менен мугалимдердин ортосунда билим берүүчүлүктүн иш багыттары иштелип, билим берүүнүн ар кыл жагдайы усулдук ыкмалары менен сабакта колдоно билүүсү белгиленди.

Ар кыл темада усулдук бирикмелердин кеңешмесинде каралып, жаш адиске жакындан жардам берүү жана пландуу иштердин аткарылышына көмөк көрсөтүлдү. Баардык мугалимдер "Мамлекеттик тил" күнүнө активдүү катышып, дубал газеталар чыгарылып, ар бир класста конференция, класстык сааттар өтүлдү.

Сентябрь айында базистик окуу планга ылайык, класс комплектке жараша, мугалимдердин сааттары болуштурулуп тарификация түзүлдү.

Мектеп китепканасы жөнүндө

Мектеп китепканасында 12274 окуу китеби.7657 методикалык жана көркөм адабияттар.2018-2019-окуу жылында окуучулардын окуу китептери менен камсыз болушу 95,1 % түздү.

Жалпы фонддо 12274 китеп бар болсо,анын 8389 китеп колдонууга берилген.

| Класс | Фонддо | Колдонууга берилген |
|---|---|---|
| 1 | 499 | 377 |
| 2 | 841 | 622 |
| 3 | 943 | 711 |
| 4 | 1038 | 766 |
| 5 | 1021 | 825 |
| 6 | 1025 | 974 |
| 7 | 1706 | 1067 |
| 8 | 1477 | 1136 |
| 9 | 1596 | 1133 |
| 10 | 1166 | 345 |
| 11 | 962 | 433 |

Мектеп китепканасын 2019-жылдын январь айынан тарта Сейтек кызы Уулкан жетектеп келет.Мектептин бирден-бир структуралык бөлүгү катары дайыма окуучулардын өздүк билимин көтөрүүнү камсыз кылат.Мектеп китепканасы окуучулар үчүн эң биринчи маалымат борбору болуп эсептелинет.Китепкана администрация тарабынан бекитилген пландын негизинде иш алып барат.Мектептин китеп фонду атайын берилген суроо –кат жана зарылчылыктын негизинде толукталат.Китепканадагы окуу китептери,методикалык көрсөтмөлөр билим берүүнүн максаттарына мамлекеттик стандартына ылайык камсыздалган.

Китеканага тиешелүү документтер

-Китепкананын жобосу

-Китептерди каттонун инвентардык китеби

-Инвентаризация китепчеси

-Чыгыш актысынын папкасы

-кирген китептердин эсеби

-окуу китептерин берүүнүн эсепке алуу журналы

-актылар

Класс жетекчи жана окуучулардын ата-энелери тарабынан атайын окуу китептерин ижарага берүү боюнча келишим түзүлөт.Ижара келишиминде көрсөтүлгөндөй ижарага берүүчү окуу китептерин ижарага алуучуга убактылуу колдонууга берет,ал эми ижарага алуучу ижара акысын өз убагында төлөө жана окуу жылы аяктагандан кийин окуу китептерин ижарага берүүчүгө кайтарып берүү милдетин алат.Ижарага алуучу окуу китептерин талаптагыдай абалда ,толук кайтарып бериши керек.Эгер китепти жоготкон же жараксыз абалга алып келген болсо окуу китебинин толук наркын төлөп берет.

Андан сырткары 5-6-класстардын окуучулары үчүн жаңы китептер келген.Жаңы китептин ижара акысы 25 сомду түзөт.Ижарага берүүдө окуучуларга 50%, 100 % женилдиктер каралган.Мисалы:

-4 же 5 андан жогорку көп балалуу үй-бүлөөлөр

-аз камсыз болгон үй-бүлөөлөрдүн балдары

-жарым жетим,тоголок жетим же 1-же 2- топтогу майып болсо

-ата-энесинен ажырап кароосуз калган балдар

-ата-энеси аскердик же кызматтык милдетин коргоо учурунда курман болгон же майып болгон аскер кызматкерлеринин балдары

-ден-соолугу чектелген окуучулар жеңилдик алышат.

Бул женилдик боюнча мектепте 5-6-класстардын окуучулары жалпы 156 болсо ,алардын ичинен

-143 окуучу 100% төлөп окуйт

**-8 окуучу 50% төлөп окуйт**

-5 окуучу акысыз китеп алып окушат.

Китепканада окуу китептеринен тышкары методикалык-адабий китептер бар.Мугалимдер үчүн усулдук китептер ошондой эле ай сайын газеталар келет.Газетага жазылуу 1-жарым жылдыктын жана 2-жарым жылдыктын аягында жүргүзүлөт.Эркин Тоо,Кызыл Туу ,Кыргыз тили.Кут билим.Кут билим сабак газеталары келет.Аларды окурмандар окуу залынан окушат.Газеталар келген учурда ичинде

мугалимдерге,окуучуларга кандай жаңылык келген болсо китепканачы айтып турат.Ошондой эле жаш окурмандарга арналган жомок китептери да китепканадан орун алган .Көрком адабияттарды окуучулар китепканага график менен келип окушат.

Китепкананын иштөө графиги 5 күн.5-күн тазалык күнү.

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Дүйшөмбү | 2-а,б,в<br>3-а,б,в |
| 2 | Шейшемби | 4-а,б,в<br>5-а,б,в |
| 3 | Шаршемби | 6-а.б.в<br>7-а,б,в |
| 4 | Бейшемби | 8-а,б,в<br>9-а,б |
| 5 | Жума | 10-кл<br>11 -кл |

Китепканачы тарабынан китептерге жума сайын китептердин колдонулушу,абалы боюнча текшерүү жүрүп,окуучуларга эскертүүлөр берилет.Китепкана фондунда окуучулар үчүн айрым китептер жетишсиз

4-класстар үчүн алеп

7-8-9 класстар үчүн англис тили

Ошондой эле окуучулар кыргызча-орусча,англисче –кыргызча сөздүктөрдү да көп сурашат.Ал китептер жокко эсе.

2018-2019- жылкы окуу жылында китеп күнүнө карата атайын китеп жумалыгы өткөрүлдү.Анда окуучулар арасында дубал газеталард чыгаруу,китепче жасоо.Манас айтуу боюнча конкурс,ошондой эле шаардык китепканага экскурсия уюштурулуп,окуучуларга семинар өткөрүлдү.Жыйынтыгында активдүү катышкан окуучуларга мактоо баракчалары берилди.

Окуу жылынын аягында окуучуларга берилген китептерди кабыл алуу жүргүзүлүп.Толук болбой калган китептерди табуу класс жетек жүктөлдү.Ошондой эле эскирип калган китептер жараксызга чыгарылды.

**.Майлуу-Суу шаарындагы № 5 жалпы орто билим берүүчү мектебинин тарбиялык иштер боюнча жылдык отчету**

## Сентябрь

«1-сентябрь-Билим күнү» деген салтанаттуу жыйын өттү. Салтанаттуу кечеден кийин 1- сабак 1-4-класстар "Мен Кыргызстанда жашайм". 5-7-класстар "Мен үчүн билимдүү, адептүү жана маданиятуу болуу деген эмне?", 8-11-класстар "Өлкөбүздүн жаңы багытта өнүгүүсүнө өз салымымды кошкум келет"- деген темада класстык сааттар өтүлдү.

Класс жетекчилер үчүн журналдар текшерилип,бекитилди.
Жолдо жүрүүнүн эрежелери үчүн план түзүлүп. ар бир класс жетекчи менен бирге окуучуларга сабактар өтүлдү,жол ко опсуздугун сактоо боюнча ар бир окуучунун колу койдурулду.
Мектепте "Ич келте", "Ботулизм", "Педикулёз", "Вирустуу гепатит" оорулары боюнча класстарда түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү жана жат жазуулар жаздырылды.
Окуучулардын тартиби, мектеп формасы. тазалыгы парламент мүчөлөрү менен биргеликте текшерилди.
Окуучулардын тизмеси такталды. (жарым жетим. томолой жетим, майып ж.б.)
«23-сентябрь-Кыргыз тилинин мамлекеттүүлүгүнүн
28-жылдыгына» карата Абдраманова А.А , Абдрасулова З.А ачык сабактарды өтүштү.Сабакта Ч. Айтматовдун чыгармаларынан "Бугу Эне", «Манас» эпосу камтылды. Бул тарбиялык сабак окуучулардын патриоттук сезимдерине дем кошту деген сунуштар айтылды. Мектеп окуучулары тарабынан даярдалган концерттик программа болду, кыргыздын улуттук оюндары,каада салттары көрсөтүлдү.
Шаардык маданият үйүндө болуп өткөн кыргыз тилинин 29 жылдык салтанаттуу кечеге кыргыз элинин каада-салттарынан "Баланы бешикке салуу" деген темада сахналык көрүнүш көрсөтүлдү. Сахналык көрүнүштү Абдраманова А.А. даярдап чыкты.

Октябрь айына төмөндөгүдөй иш чаралар коюлган. 11-класстарды ОРТга даярдык тесттери, 2-11 класстардын кыргыз тили боюнча срез алуу. 1-4 класстардан окуу техникасын, окуп түшүнүүсүн текшерүү . 5-11-класстардагы орус тилинин берилиши срез алуу, 11-класстарды ОРТга даярдоо, жөндөмдүү жана начар окуган окуучулар менен иштөө абалы

Окуучулардын окуу жөндөмүнө жараша түзүлгөн жылдык иш план боюнча кошумча сабактардын өтүлүшүн көзөмөлдөө максатында ар бир мугалим өз предметтери боюнча жөндөмдүү жана сабакты начар өздөштүргөн окуучуларды аныктап чыгышты. Ал окуучулар үчүн жылдык пландар түзүлдү. Ошондой эле октябрь айынын 19нан 24нө чейин 2-4 класстар арасында жалпы билим сапатын максатында срез алынды.

**Жыйынтыгында: 2-4-класстарында кыргыз тили, математика сабактары боюнча жүргүзүлгөн текшерүү боюнча маалымат.**

Таблица

| № | класс | предмет | предметтик мугалим | "5" | "4" | "3" | "2" | билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 4-а | Математика | Жуманазарова Н.О | 7 | 7 | 6 | 8 | 70% |
| 2 | | Кыргыз тили | Жуманазарова Н.Ө | 6 | 9 | 7 | 6 | 54% |
| | | | | | | | | |
| 1 | 4-а | Математика | Жуманазарова Н.Ө | 6 | 7 | 6 | 8 | 48% |
| 2 | | Кыргыз тили | Жуманазарова Н.О | 4 | 3 | 4 | 17 | 25% |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |

4-а-классынын класс жетекчиси Жуманазарова Назира башталгыч класс мугалими педстажы- 19 жыл Кыргыз тили боюнча срездик ишинде 30-окуучудан 28-окуучу жазып. Билим сапаты 48% ды көрсөткөнү менен 2 ге жазган 32.3% ды түзөт.Окуучулардын каллиграфиясы талапка жооп берет. Бирок 2 окуучу таптакыр жаза албаган.1 окуучу эмнени жазганын биле албайсың жана фамилиясын да окуй албайсың. Мугалим срезди текшерүүдө жогору баа койгон .Мисалы Эргешалиева Айза 3 ордуна 4 коюлган. Текшерүүдө мугалим ката болгон сандын үстүнө бастырып жазат. Ал эми калган окуучулар менен жекече иштөө зарыл.

| № | класс | предмет | предметтик мугалим | "5" | "4" | "3" | "2" | билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 4-б | Математика | Жуманазарова Н.Ө | 10 | 7 | 8 | 1 | 65% |
| 2 | | Кыргыз тили | Ахмедова Ж.Н | 11 | 9 | 5 | 1 | 76% |
| | | | | | | | | |
| 1 | 4-в | Математика | Жуманазарова Н.Ө | 2 | 7 | 8 | 9 | 34% |
| 2 | | Кыргыз тили | Ахмедова Ж.Н | 5 | 12 | 6 | 2 | 65% |
| | | | | | | | | |

4-б-классынын мугалими Акмолова Жумагүл баштапкы класстын мугалим стажы 16 жыл  Кыргыз тили боюнча срезде 28 окуучунун ичинен 26 окуучу жазган.4 деген баа алдырган окуучулар 5 ашып калган.Окуучулардын каллиграфиясы канааттандырарлык.Билим сапатынан 11% айырма көрсөткөн. Математика сабагы боюнча мугалим тарабынан билим сапаты 65% ды түзгөн эми текшергенден кийин 34%ды түздү. Себеби таблицада көрсөтүлгөндөй баалар жогору коюлган.Айырмасы 31%. Жетишпеген окуучулар менен иштөө зарыл.

| № | класс | предмет | предметтик мугалим | "5" | "4" | "3" | "2" | билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 4-в | Математика | Кулманова М.А | 1 | 10 | 10 | 4 | 44% |
| 2 | | Кыргыз тили | Кулманова М.А | 7 | 7 | 8 | 4 | 53,8% |
| | | | | | | | | |
| 1 | 4-в | Математика | Кулманова М.А | 0 | 10 | 9 | 6 | 40% |
| 2 | | Кыргыз тили | Кулманова М.А | 4 | 7 | 12 | 4 | 40% |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |

4-в-классынын мугалими Кулманова М.А. стажы- 7 жыл . Кыргыз тили сабагы боюнча окуучунун саны 29анын ичинен 27 окуучу жазды. Билим сапаты 53,8%ды түздү.Кыргыз тили жана адабиятынын методбирикмесинин текшерүүсүндө 40% түзгөн Бирок 2 алган окуучулар 13,8% түздү. Мугалим туура жазуунун үстүнөн жекече көп иштөө керек. Математика сабагы боюнча алынган срезде 25 окуучудан 5-0,4-10,3-9,2-6. Билим сапаты 40% түздү Мугалим окуучулардын каллиграфиясына көңүл бурруусу зарыл.

3-а классынын мугалими Мырзакул кызы Жаркынай стажы-3 ай  кыргыз тили сабагы боюнча срезде 24 окуучу жазган. Анын ичинен 5-2,4-7,3-10,2-5. Билим сапаты 37%ды түздү.Окуучулардын каллиграфиясы талапка жооп берет. Окуучулар абзац жөнүндө түшүнүгү жок. Калган окуучулар менен иштөө керек.Көбүрөөк окуучулар орфографиялык каталар кетирген.Бул класста срездик иш үчүн 37% аз.Айырмасы 26%. Математикадан 5-2, 4-13,3-9,экиге жазган окуучулар жок.Билим сапаты 62% Айырмасы 21%

3-б-классынын мугалими Кайчыбекова Ж.Р.стажы-8 жыл. Кыргыз тили сабагынан 27-окуучу жазган. Анын ичинен 5-3,4-3,3-11,2-10,билим сапаты 22% Начар өздөштүргөндөр менен иштөө зарыл.Окуучулар тарабынан орфографиялык каталар кетирилген. Математикадан 22 окуучу жазган. Анын ичинен 5-4,4-10,3-

6.2-1.билим сапаты 50%. Жогорулатылган баа коюлган.Жетишпеген окуучулардын пайыздык көрсөткүчү 38% Амалдарды аткарууну билишпейт. Каталар цифранын үстүнөн басып,жазылып текшерилет.Текшерүүнүн эрежелерин билүүсү зарыл.

3-в-класстын мугалими Айдарова Р.К. стажы-16 жыл Кыргыз тилинен көрсөткүчү45% 5-3,4-7,3-7,2-5 Жазганы 22 окуучу. Каллиграфиясы үстүндө иштөө керек.. Билим сапаты 45% түздү.Айырмасы 23%. 3 окуучуга 3 ордуна 4 коюлган. 1 окуучуга 2 ордуна 3 коюлган.Математикадан 5-2.4-12.3-9.Билим сапаты 60%.Айырмасы 31%. Баа коюунун нормаларына. маселени туура чыгарылышына көңүл бөлүү менен кароо керек

Жогоруда көрсөтүлгөн срездин жыйынтыгынын негизинде сунуштар жана чечимдер: баштапгыч класстарда иштеген ар бир мугалимдин начар өздөштүр окуучулар менен жекече иштөөсүнө, көзөмөлдөө жагы сунушталат жана контролго алуу күчөтүлсүн.

- Баштапгыч класстын мугалимдери кыргыз тили жана математика сабактарында окуучулардын каллиграфиясына, көңүл буруу менен окуучуларга сапат билим берүү иши күчөтүлсүн

-сабаттуу өз алдынча жазуусуна, ар бир сөздүн жазылышына, маанисине көңүл бурулсун.

-Окуу сабагында окуу ылдамдыгынын нормасына,туура окуусуна,окуу эрежелерине таянып окутуу жагы каралсын.

-Математика сабагында цифралардын элементи менен жазылышына,маселенин шартын түзүүгө, геометриялык фигуралардын ченемдерин туура ол сызууга көңүл бөлүү менен иш алып барылсын.

-Баштапгыч класстын мугалимдери окуучулардын билимин баалоодо, баа коюунун нормативдерине таянышсын

-Ар бир мугалим өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштесин

1-4-класстардын окуу техникасын жана түшүнүүсүн мектептин методбирикмесинин жетекчиси Г.М.Жолдошова текшерип чыкты.Жыйынтыгында:4-а класс-26,6%.4-бкласс-46,6%.4-в класс-30%.3-а класс-29,6%.3-в класс-25%.2-а класс-28,5%.2-в класс-18,8% түздү.

Жылдын башында 1-11-кл-28 класс комплектиси даярдоо классы 1 класс 25 окуучу бар. I чейрек ичинде 7 келип, 31 кетип 761 окуучу калды. 1-4 –кл-12 класс комплектиси бар.Жылдын башында 1-4 класстардын саны 338 окуучу болсо 3 келип. 14 кетип 327 окуучу калды. 5-9 кл чейректин башында 394 окуучу болсо.4 келип. 15 кетип 383 окуучу калды.10-11-кл 2 класс комплектиси бар 53 окуучу болсо.2 окуучу кетип 51 окуучу калды.1-4 класстарда 179 балдар 148 кыздар 6 өзбек улуттар 2 тажик улуттагы окуучулар.5-9 класстарда 207 балдар 176 кыздар алардын ичинен 11 өзбек улуттагы 1 тажик улуттагы окуучулар окушат.10-11-класстарда 24 балдар 27 кыздар 50 окуучу кыргыз улутундагы окуучулар болсо 1окуучу өзбек улутундагы окуучу.Мектеп боюнча кыздар- 351, алардын ичинен 8 өзбек 2 тажик 341 кыргыз улуттагылар. Эркек балдар- 410.алардын ичинен 10 өзбек 1 тажик 399 кыргыз улуттагы эркек балдар.

**Билим сапаты**

1-4- класстарда 338 окуучу ичинен 168 окуучу бааланат 170 окуучу бааланбайт.

"5"-12-7.1 %

"4"-68-40.5%

"3"-88-52.4%

"2"-0-0

Жетишүүсү 100% жетишпеген окуучулар жок.

Билим сапаты 47.6 %

5-9- класстарда 383 окуучу

"5"-5-1,3%

"4"-90-23,6%

"3"-283-73.9%

"2"-4-1%

Бааланбады 1 окуучу (оорусу боюнча) 5-а класста Абдиллазизова Айгерим Мирлановна.

Жетишпеген окуучулар 6-в класстан Уразалиев Нургазы география,биология.

7-б класстан Канжарбеков Бекназар орус тилинен.

6-а Советбек уулу Элбек математикадан

9-б класстан Мырзаканова Айжан алгебра сабагынан.

5-9 класстардын жетишүүсү-98.8% түзүп.
**Билим сапаты- 24,8%**

10-11- класстарда 51 окуучу.
"5"-0
"4"-17-33,3%
"3"-34-66.7%
"2"-0
Жетишүүсү-100%
Билим сапаты-33,3%
3-11 класстарда 602 окуучу бааланып
"5"-17-2.9%
"4"-175-29%
"3"-405-67,3%
"2"-4-0.7%
Бааланбаган окуучу 1- 0.1%

Класстардын билим сапаты.

3-а кл-51.8%
3-б кл-42.8%
3-в кл-45.8% 3-класстарда 79 окуучу **жетишүүсү 100%**
**Билим сапаты- 46,8%**

4-а кл-50%
4-б кл-56.6%
4-в кл -37.9% 4-класстарда 89 окуучу **жетишүүсү 100%**
**Билим сапаты- 48,3%**

5-а кл-40%

5-б кл- 28%
5-в кл-29.1% 5-класстарда 74 окуучу **жетишүүсү** 98,7% 1 окуучу бааланбаган
Билим сапаты -32,4%

6-а кл- 30.7%
6-б кл- 30.7%
6-в кл-20% 6-класстарда 82 окуучу **жетишүүсү 97,6%** 2 окуучу жетишпейт
**Билим сапаты- 26,8%**

7-а кл- 28.5%
7-б кл- 14.8%
7-в кл -23% 7-класстарда 81 окуучу **жетишүүсү 98,8%** 1 окуучу жетишпейт
**Билим сапаты- 22.2%**

8-а кл – 22.2%
8-б кл-36%
8-в кл- 20.6% 8-класстарда 81 окуучу жетишүүсү 100%
Билим сапаты-25.9%

9-а кл- 14.7%
9-б кл – 16.1% 9-класстарда 65 окуучу **жетишүүсү 98,5%** 1 окуучу жетишпейт
**Билим сапаты-15,3%**

10 кл-34,8%
11кл-32.1% 10-11-класстарда 51 окуучу **жетишүүсү** 100%

5-б кл- 28%
5-в кл-29.1% 5-класстарда 74 окуучу **жетишүүсү** 98,7% 1 окуучу бааланбаган
**Билим сапаты -32,4%**

6-а кл- 30.7%
6-б кл- 30.7%
6-в кл-20% 6-класстарда 82 окуучу жетишүүсү 97,6% 2 окуучу жетишпейт
**Билим сапаты- 26,8%**


7-а кл- 28.5%
7-б кл- 14.8%
7-в кл -23% 7-класстарда 81 окуучу **жетишүүсү 98,8%** 1 окуучу жетишпейт
**Билим сапаты- 22,2%**

8-а кл – 22.2%
8-б кл-36%
8-в кл- 20.6% 8-класстарда 81 окуучу жетишүүсү 100%
Билим сапаты-25.9%

9-а кл- 14.7%
9-б кл – 16.1% 9-класстарда 65 окуучу **жетишүүсү 98,5%** 1 окуучу жетишпейт
**Билим сапаты-15,3%**

10 кл-34,8%
11кл-32,1% 10-11-класстарда 51 окуучу **жетишүүсү** 100%

**Билим сапаты-33,3%**



Ноябрь айына төмөндөгүдөй иш пландар коюлган. Окуучулардын келип кетүүсү, алфавит китеби, окуучулардын өздүк делолору менен иш алып баруу, 2-11 класстарда орус тили, кыргыз тили, математика сабактары боюнча дептерлеринин абалы, мектептин документтеринин көзөмөлдөө, окуучулар менен интеллектуалдык марафонду өткөрүү, НЦТ формасындагы диагностикалык тестирлөө 9-10-11-класстардан тест алуу, окуучулардын мектептин китепканасында болушуу көзөмөлдөө.

Окуучулардын келип кетүүсү,алфавиттик китеби жана окуучулардын өздүк делолору окуу жылынын башында окуу завучу жана класс жетекчилер бирдикте иретке келип такталган, буйруктары өз убагында чыгарылып турду. Окуучулардын өздүк делолорун текшерүүдө бирин-экин кемчиликтер байкалып класс жетекчилерге билдирилди. Ал кемчиликтер класс жетекчилер тарабынан жоюлуп бардык өздүк делолор иреттелип, такталып, толукталды.

**Октябрь**

"Карысы бардын ырысы бар"-деген ураан менен "Карылар күнүнө" карата мектеп окуучулары тарабынан төмөндөгү карыяларга жардам көрсөтүлдү.
Графова А.Ф.-300 сом
Толонова А.А.- 300 сом
Иванова Н.С.-500сом
Мугалимдер күнүнө карата «Мугалим алтын чырагым» деген темада концерттик программа уюштурулуп, мугалимдер бири-бирин куттукташып, окуучулар ыр-бийлерин тартуулашты.
Мектептеги окуучулардын өзүн өзү башкаруусунун
түзүлүшү кайра шайлоо өткөрүлдү. Окуучулар бир добуштан мектеп президентин шайлап алышты. Мектеп президенти – Асанов Артен 11-класстын окуучусу
«Ич келте» оорусу боюнча жат жазуу жаздырылып, ар бир класстын окуучулары менен аңгемелешүү жүргүзүлдү.
Мектеп окуучуларынын тазалыгы, тартиби, мектеп формасы, күндөлүк текшерилди.

Дептерлер нормага жооп береби жана канчалык деңгээлде жооп берет деген максатта ноябрь айынын 9нан 14но чейин орус тили, кыргыз тили, математика дептерлеринин абалы текшерилди. Текшерүүдө тажрыйбалуу мугалимдер сабак берген окуучулар менен жаш мугалимдер сабак берген окуучулардын дептерлерин алдырып келип, салыштырмалуу текшерүү жүрдү. Жыйынтыгында жаш мугалимдер сабак берген окуучулардын дептерлерине орто деген баа берилип, тажрыйбалуу мугалимдер тарабынан дептерлерди текшерүү боюнча ойлор, сунуштар айтылды.

Андан сырткары ноябрь айынын 9нан 14но чейин мектеп мугалимдеринин документтери текшерилди. Тажрыйбалуу мугалимдердин документтери жакшы деңгээлде. Айрым жаш мугалимдерге эскертүүлөр берилди. Кайрадан толуктап текшертүү мөөнөтү белгиленди.

Ноябрь айынын 19нан 23нө чейин интеллектуалдык марафон откорулду. Жыйынтыгында ар бир класстан бардык предметтер боюнча I, II, III орундар аныкталды.

Ошондой эле 9-10-11-класстардан НЦТ формасындагы диагностикалык тесттер да алынууда. Бул жолу кыргыз тили сабагы боюнча даярдоо жүргүзүлдү. 9-10-11-класстарда экзамен берилуучу сабактардан ОРТ формасында диагностикалык тест алынды Жыйынтыгында: 9-а-39%, 9-б -25%,10 -47%, 11 -33%ды түздү. Окуучулар ОРТ формасындагы тесттин бардык бланкаларын толтуруу жолдорун үйрөнүп жатышат.

**Ноябрь**

Мумкунчулугу чектелген инсандардын кунунө карата «Кайрымдуулук парз жана милдет»-деген акция уюштурулуп. төмөндөгүлөргө жардамлар көрсөтүлдү:

1. Абдрахманов Касым 500 сом
2. Кадыралиева Таңсулуу 11- класс 300 сом
3. Камбарова Тургунай-жыйноочу 400 сом

Баткен согушунда курман болгондорду эскерүү жыйыны өттү.Ар бир класстарда класстык сааттар өткөрүлдү.¨Баткен согушунда курман болондор эч качан унутулбайт"-деген темада жолугушуу болуп өттү.Жолугушууга келип окуучуларга кызыктуу маек куруп беришти ,ошондой эле окуучулар өздөрүнүн белектерин сыймыктануу менен тапшырышты.
Күз майрамына карата"Берекелүү алтын күз¨ майрамы өткөрүлүп «Эң мыкты» класс,эң мыкты дастаркон,эң мыкты дизайнер ж.б наамдар менен окуучулар сыйланышты.

**I орун 9 «Б»7 «А» класс.**

**II орун 10 «А» класс, 6 «А» класс**

III орун 11- класс, 7 «Б» класс.

Декабрь айында 9-10-11-класстарда НЦТ формасындагы тестирлөө, ОРТ формасындагы диагностикалык тест алуу, чет тилдер предмети боюнча №1,2,3,4 дептерлеринин абалын текшерүү, негизги сабактардан билим сапатты аныктоо боюнча срездерди алуу каралды. 9-10-11-класстарында география, тарых, англис тили сабактары боюнча Улуттук тестирлөө

борборунун тесттери боюнча тестке даярдалды. 9-10-11-класстарда ОРТ формасындагы диагностикалык тест математика сабагынан алынды. Жыйынтыгында: 9б-32%,10э-27%, 11б-48%ды түздү. Англис тили секциясында эмгектенген мугалимдердин чет тили предмети боюнча дептерлеринин абалы секция жетекчиси А.С.Тагаева менен бирдикте текшерилди. Секциянын бардык мугалимдеринде дептерлердин абалдары нормага ылайык келет.

2018-2019-окуу жылында мектептик олимпиалага катышып I орунга ээ болгон окуучулар шаардык олимпиалага катышууга жолдомо алышкан турган окуучуларды тизмеси.

| № | Окуучунун аты жөнү | Класс | Предмет | Мугалимдин аты жөнү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Арзыбекова Гулнур | 11 | Алгебра | Кадыралиева З.И |
| 2 | Муратбекова Аисулуу | 9-А | Кыргыз тили | Абдурасулова З.Н |
| 3 | Бейшеева Сайкал | 10 | Кыргыз тили | Абдыраманова А.А |
| 4 | Өмүрзакова Нурзуя | 11 | Кыргыз тили | Абдурасулова З.Н |
| 5 | Ташибекова Тахмина | 10 | Биология | Белекова Ж.М |
| 6 | Темирбек уулу Курсат | 11 | География | Белекова Ж.М |
| 7 | Кимянов Салайдин | 11 | Физика | Таласбаева П.А |
| 8 | Момунбаева Азема | 9 | Орус тили | Тагаева С.А. |
| 9 | Мамазакирова Айзирек | 10 | Орус тили | Төлөнова А.А. |
| 10 | Айбекова Айзада | 11 | Орус тили | Графова А.Ф. |

Шаардык олимпиададан орун алган окуучулардын тизмеси.

| № | Окуучунун аты жөнү | Класс | Орун | Предмет | Мугалимдин аты жөнү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Арзыбекова Гулнур | 11 | Орун жок | Алгебра | Кадыралиева З.И |
| 2 | Муратбекова Айсулуу | 9-А | 2 | Кыргыз тили | Абдурасулова З.Н |
| 3 | Бейшеева Сайкал | 10 | 2 | Кыргыз тили | Абдыраманова А.А |
| 4 | Өмурзакова Нурзуя | 11 | 3 | Кыргыз тили | Абдурасулова З.Н |
| 5 | Ташибекова Тахмина | 10 | 1 | Биология | Белекова Ж.М |
| 6 | Темирбек уулу Курсат | 11 | 4 | География | Белекова Ж.М |
| 7 | Кимянов Салайдин | 11 | 2 | Физика | Таласбаева П.А |
| 8 | Момунбаева Азема | 9 | 3 | Орус тили | Тагаева С.А. |
| 9 | Мамазакирова Айзирек | 10 | 2 | Орус тили | Төлөнова А.А. |
| 10 | Айбекова Айзада | 11 | 2 | Орус тили | Графова А.Ф. |

4-а,4-б,4-в-класстардан окуу техникасы жана окуп түшүнүүсү текшерилип төмөндөгүдөй жыйынтык берди.

4-а классы 26,6%ды, 4-б классы 46,6%ды,4-в классы 46%ды түзүштү.

3-11 класстардын күндөлүктөрдүн абалы текшерилип бир нече каталар менен талапка жооп берген класстар төмөнкүлөр 4-б,4-в,5-а,6-б,7-а,8-в,9-а,10,11-класстар .

Насаатчы мугалимдердин документтерин текшерилип,кемчиликтер, сунуштар айтылып иш кагаздар толукталды.

Башталгыч класстарда декабрь айында сабактарга администрация тарабынан катышуу болуп ар бир мугалимдерге анализдер айтылды.

Билим сапаты тарабынан 2-а ,4-б-класстар жакшы көрсөткүч көрсөтө алды.

Математика,информатика сабактардан администрациялык текшерүү болду.

| № | Класстар | Сабактар | Билим сапаты | Мугалим |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 5-а | Математика | 60% | Кадыралиева З.И |
| 2 | 5-б | Математика | 43% | Ысмайылова О.К |
| 3 | 5-в | Математика | 46% | Ысмайылова О.К |
| 4 | 6-а | Математика | 31% | Кадыралиева З.И. |
| 5 | 6-б | Математика | 42,3% | Кадыралиева З.И. |
| 6 | 6-в | Математика | 20% | Бекназарова Б.М. |
| 7 | 7-а | Математика | 48,2% | Кадыралиева З.И |
| 8 | 7-б | Математика | 23% | Бекназарова Б.М. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 9 | 7-в | Математика | 15% | Бекназарова Б.М. |
| 10 | 8-а | Математика | 27% | Кадыралиева З.И |
| 11 | 8-б | Математика | 33,3% | Кадыралиева З.И |
| 12 | 8-в | Математика | 20% | Ысмайылова О.К. |
| 13 | 9-а | Математика | 23,5% | Ысмайылова О.К. |
| 14 | 9-б | Математика | 13% | Ысмайылова О.К. |
| 15 | 10 | Математика | 30,4% | Ысмайылова О.К. |
| 16 | 11 | Математика | 32% | Ысмайылова О.К. |
| 17 | 5-а | Информатика | 56% | Эргешова А.Ж. |
| 18 | 5-б | Информатика | 44% | Эргешова А.Ж. |
| 19 | 5-в | Информатика | 37,5% | Эргешова А.Ж. |
| 20 | 6-а | Информатика | 34,4% | Эргешова А.Ж. |
| 21 | 6-б | Информатика | 42,3% | Эргешова А.Ж. |
| 22 | 6-в | Информатика | 40% | Эргешова А.Ж. |
| 23 | 7-а | Информатика | 62% | Эргешова А.Ж. |
| 24 | 7-б | Информатика | 50% | Сейтек кызы Уулкан |
| 25 | 7-в | Информатика | 34% | Эргешова А.Ж |
| 26 | 8-а | Информатика | 38,4% | Сейтек кызы Уулкан |
| 27 | 8-б | Информатика | 58,3% | Сейтек кызы Уулкан |
| 28 | 8-в | Информатика | 33,3% | Сейтек кызы Уулкан |
| 29 | 9-а | Информатика | 47% | Сейтек кызы Уулкан |
| 30 | 9-б | Информатика | 42% | Сейтек кызы Уулкан |

II чейректин билим сапаты.

3-класстар

| № | Класс | Окуучулардын саны | 5 | % | 4 | % | 3 | % | 2 | % | Жетишуусу | II чейректин билим сапаты | I чейректин билим сапаты | Айырмасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 3-а | 28 | 2 | 7,2 | 11 | 39,3 | 15 | 53,5 | | | 100% | 46,4% | 51,8% | 5,4% ↓ |
| 2 | 3-б | 27 | 2 | 7,4 | 9 | 33,4 | 16 | 59,2 | | | 100% | 40,7% | 42,8% | 2,1% ↓ |
| 3 | 3-в | 24 | 0 | | 13 | 54,1 | 11 | 45,9 | | | 100% | 54,1% | 45,8% | 8,3% ↑ |
| 4 | 3класс | 79 | 4 | 5 | 33 | 41,8 | 42 | 53,2 | | | 100% | 46,8% | 46,8% | Жок |


4-класстар

| № | Класс | Окуучулардын саны | 5 | % | 4 | % | 3 | % | 2 | % | Жетишуусу | II чейректин билим сапаты | I чейректин билим сапаты | Айырмасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 4-а | 30 | 2 | 6,7 | 11 | 36,6 | 17 | 56,7 | | | 100% | 43,3% | 50% | 6,7% ↓ |
| 2 | 4-б | 30 | 4 | 13,3 | 13 | 43,3 | 13 | 43,4 | | | 100% | 56,6% | 56,6% | Жок |
| 3 | 4-в | 30 | 1 | 3,4 | 12 | 40 | 17 | 56,6 | | | 100% | 43,3% | 37,9% | 5,4% ↑ |
| 4 | 4класс | 90 | 7 | 7,8 | 36 | 40 | 47 | 52,2 | | | 100% | 47,7% | 48,3% | 0,6% ↓ |

**1-4-класстар**

12 класс жалпы саны -326 окуучу

3-4-класстарда 169-окуучу бааланып.




II чейрек Билим сапаты -47,3% Жетишүүсү -100% ·

Iчейрек билим сапаты-47,6% жетишүүсү-100%

Билим сапаты-0,3%↓ жетишүүсү-100%

## II чейректин билим сапаты.

5-класстар

| № | Класс | Окуучулардын саны | 5 | % | 4 | % | 3 | % | 2 | % | Жетишуусу | II чейректин билим сапаты | I чейректин билим сапаты | Айырмасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 5-а | 25 | 2 | 8 | 8 | 32 | 14 | 56 | 1оору | 4 | 96% | 40% | 40% | Жок |
| 2 | 5-б | 25 | | | 6 | 24 | 18 | 72 | 1 | 4 | 96% | 24% | 28% | 4%↓ |
| 3 | 5-в | 25 | | | 6 | 24 | 18 | 72 | 1 | 4 | 96% | 24% | 29,1% | 5,1%↓ |
| 4 | 5-класс | 75 | 2 | 2,7 | 20 | 26,7 | 50 | 66,6 | 2 | 2,7 | 96% | 29,3% | 32,4% | 3,1↓ |

6-класстар

| № | Класс | Окуучулардын саны | 5 | % | 4 | % | 3 | % | 2 | % | Жетишуусу | II чейректин билим сапаты | I чейректин билим сапаты | Айырмасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 6-а | 26 | 1 | 3,9 | 7 | 27 | 17 | 65,3 | 1 | 3,8 | 96,2% | 30,7% | 30,7% | Жок |
